***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.74.21.030***

***Ашырбеков А.Б., Алтымышова З.А.***

# АФГАН СОГУШУНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕР

***Ашырбеков А.Б., Алтымышова З.А.***

# ВОИНЫ-КЫРГЫЗСТАНЦЫ В АФГАНСКОЙ ВОЙНЕ

***A. Ashyrbekov, Z. Altymyshova***

# KYRGYZSTAN SOLDIERS IN THE SOVIET–AFGHAN WAR

*УДК: 355.01(575.2) (04)*

*Өзүнүн геосаясий абалына ылайык, Афганистан ар кайсы доорлордо алдыңкы дүйнөлүк державалардын кызыкчылыктары кесилишкен негизги аймактардын бири болуп келген. XIX кылымда Түштүк жана Борбордук Азияга үстөмдүк кылуу күрөшүндө Афганистандын мааниси чоң болгон. Бул Россия империясы менен Британия империясынын ортосундагы “Чоң оюн” аталышы менен белгилүү. Ал эми Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки “Кансыз согуш” мезгилинде соңку тарыхта орун алган олуттуу чыр-чатактар башталган. Алардын бири Афган согушу (1979-1989) болуп эсептелет. 1979-1989-жылдарда болуп өткөн Афган согушуна Советтер Союзунун курамындагы республикалардан, алардын ичинен Кыргызстандан да жоокерлер катышкан. Афган согушунда советтик аскерлердин чектелген контингентинин курамына кирген кыргызстандык жоокерлер согуштун бардык этаптарын баштан өткөрүшкөн. Афган согушуна катышкан кыргызстандык жоокерлер, атуулдук милдетин татыктуу аткарышып, бир топ эрдиктерди көргөзүшкөн. Макалада Афган согушу, кыргызстандык жоокерлердин согуш мезгилиндеги жашоо-турмушу жана Афган согушунун ардагерлеринин эгемендүүлүк жылдарындагы ролу каралат. Темага байланыштуу жеткиликтүү архивдик документтер, республикадагы афган ардагерлеринен топтолгон оозеки эскерүүлөр, илимий эмгектер жана мезгилдүү басылмалар комплекстүү изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *СССР, Афганистан, Афган жоокерлери, кыргызстандык жоокерлер, ардагерлер, оозеки материалдар.*

*По своему геополитическому положению Афганистан в разные эпохи находился на пересечения интересов ведущих мировых держав. В XIX веке Афганистан имел большое значение в борьбе за господство над Южной и Центральной Азией. Это известно в «Большой игре» между Российской империей и Британской империей. После Второй мировой войны и в период «холодной войны» начались серьезные конфликты, имевшие место в новейшей истории. Одна из них является Афганская война (1979-1989). Военнослужащие из республик Советского Союза, в том числе из Кыргызстана, участвовали в Афганской войне, проходившей в 1979-1989 годах. Кыргызстанские воины, входившие в состав ограниченного контингента советских войск в Афганской войне, прошли через все этапы войны. Кыргызстанские воины, принимавшие участие в Афганской войне, достойно выполняли свой гражданский долг и проявили большое мужество. В статье рассматривается Афганская война, жизнь кыргызстанских воинов во время войны и роль ветеранов войны Афганистана в годы независимости. Всесторонне изучены доступные архивные документы по теме, устные воспоминания, собранные от ветеранов-афганцев в республике, научные труды и периодическая печать.*

***Ключевые слова:*** *СССР, Афганистан, афганские солдаты, кыргызские солдаты, ветераны, устные материалы.*

*Due to its geopolitical position, Afghanistan has been one of the main areas where the interests of the leading world powers have intersected in different eras. In the XIXth century, Afghanistan was of great importance in the struggle for supremacy over South and Central Asia. This is known in the "Great Game" between the Russian Empire and the British Empire. And during the "Cold War" period after the Second World War, serious conflicts that took place in recent history began. One of them is the Soviet-Afghan War (1979-1989). Soldiers from the republics of the Soviet Union, including Kyrgyzstan, participated in the Soviet-Afghan War that took place in 1979-1989. The Kyrgyzstan soldiers, who were part of the Limited Contingent of Soviet Troops in the Afghan War, went through all stages of the war. Kyrgyzstan soldiers who participated in the Soviet-Afghan War performed their civic duties with dignity and showed a lot of bravery. The article examines the Soviet-Afghan War, the life of Kyrgyzstan soldiers during the war and the role of Afghan war veterans in the years of independence. The available archival documents on the topic, oral memoirs collected from Afghan veterans in the republic, scientific works and periodicals have been comprehensively studied.*

***Key words:*** *USSR, Afghanistan, Afghan soldiers, Kyrgyz soldiers, veterans, oral materials.*

XX кылымдын биринчи чейрегинде Афганистан аймагы саясий жана экономикалык маанисин жоготкон эмес. Совет бийлиги 1919-жылы Афганистанды Англиядан толук көз карандысыз мамлекет деп жарыялаган жаңы эмир Аманнулла-ханды колдогон. РСФСР 1919-жылы Афганистанды көз карандысыз мамлекет катары таанып, дипломатиялык мамилелерди орноткон. Бул окуядан кийин Афганистан Советтик Россия менен Британия империясынын ортосундагы геосаясий буфер болуп калган. [18] 1929-жылы Афган бийлигине Надир шах келген. 1933-жылы Надир шах өлтүрүлгөндөн кийин анын уулу Мохаммад Закир шах башкарган. Кийинчереек “Кансыз согуш” доорунда Афган согушу (1979-1989) келип чыккан.

1979-1989-жылдагы Афган согушуна Советтер Союзунун курамындагы Кыргызстандан да жоокерлер катышкан. СССР Афганистанда жүргүзгөн согушка жалпы 620 миң жоокер жөнөтсө, анын ичинен 7393 жоокер кыргызстандыктар болгон. Алар: Ош жана Жалал-Абад областтарынан – 3500, Чүй областынан

1500, Баткен областынан 520, Чүй областынан 1500, Ысык-Көл областынан – 500, Талас областынан 300гө жакын, Нарын областынан – 200гө жакын, ал эми Бишкек шаарынан 900дөн ашык жоокер болгон. СССР Афганистанда 14453 жаранынан айрылган, анын ичинде каза болгон 248 жоокер кыргызстандыктар болгон. Каза болгон кыргызстандык жоокерлер курамы боюнча 157 катардагы жоокер, 58 сержант жана 33 офицер болушкан. Согуш мезгилинде аргасыздан туткунга түшүп же дайынсыз жоголгондордун жалпы саны 417 болсо, анын төртөөсү кыргызстандык болгон. Афган согушунда 383 кыргызстандык жоокерлер майып болуп кайтышкан. Алардын 17си I топтогу, 61и II топтогу, 305и III топтогу майыптык категорияларга киризилген. Мындан тышкары 1500 жоокер ар кандай жаракат, контузия алышкан [4, 29-31-бб.].

1979-1989-жылдардагы Афган согушунда Советтик аскерлердин чектелген контингентинин курамына кирген кыргызстандык жоокерлердин согуштагы абалы, согуштан кийинки жашоо-турмушу, ошондой эле согушка катышкан жоокерлердин эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы ролу жетиштүү изилдене элек маселелерге кирет. Изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстанда жашаган Афган согушуна катышкан ардагерлерден алардын согуш жылдарындагы абалына байланыштуу оозеки тарых материалдары жыйналды. Оозеки маалыматтарын биз менен бөлүшкөн жана аларды илимий максатта колдонууга уруксат беришкен республиканын бүт областтарынан Афган согушунун ардагерлерине таазим кылабыз. Өзгөчө маалымат топтоону уюштурууга көмөктөшкөн Афган согушунун ардагерлеринин республикалык Кеңешинин Бишкек шаары боюнча мурдагы өкүлү, ю.и.к., доц. Кадыр Акунович Уметовго, Афган согушунун ардагерлеринин Республикалык кеңешинин төрагасы Жолдошбек Арзыкулович Бейшеевге терең ыраазычылык билдиребиз.

1973-жылы Афганистанда аскердик төңкөрүш болуп, бийликке Мухаммад Дауд келген. 1978-жылы апрелде аскердик төңкөрүштө (Саур революциясы) Мухаммад Дауд өлтүрүлгөн. Афганистан Элдик-демократиялык партиясы (АЭДП) бийликке келип, Афганистан Демократиялык республикасы жарыяланган. Жаңы бийликтин реформаларды жүргүзүү аракети Афганистанда ислам оппозициясынын каршылыгын жараткан. 1979-жылы Афганистан Элдик-демократиялык партиясы борбордук комитетинин төрагасы Нур Мухаммед Тараки өлтүрүлүп, бул кызматка Хафизулла Амин келген. СССР 1979-жылдын 25-декабрында Афганистанга аскердик контингентин киргизген. 1979-жылы декабрда СССР КГБсы тарабынан Аминдин Тадж-Бек аттуу резиденциясына чабуул жасалып, операциянын жыйынтыгында Амин өлтүрүлүп, Бабрак Кармаль жаңы жетекчи болуп дайындалган.

1980-жылдын январь айында генерал-лейтенант Ю.Тухариновдун жетекчилиги астында советтик аскерлердин бир бөлүгү Афганистан армиясы менен биргеликте өлкөнүн негизги аймактарын, административдик борборлорду, коомдук жайларды, аэродромдорду жана магистралдарды ээлешкен. Совет-афган кызматташтыгынын объектилери да коргоого алынган [13, 89-115-бб.]. 1981-жылдын күзүндө каршылашкан эки тараптын тирешүүсү созулуп кеткен. Сентябрь-декабрь айларында моджахеддерге каршы жалпы 46 операция жүргүзүлүп, күзөт бөлүмдөрү тарабынан чалгындоо иштерин жүргүзүү үчүн 250дөн ашык иш-аракеттер жасалган [19, 140-б.]. 1982-жылы согуш күчтөрүнүн аянты кеңейип, моджахеддердин лагериндеги чалгындалган жерлерге тез-тез аба соккулары болгон. Моджахедер өз кезегинде Афганистандын борборуна жакын жайгашкан Логар, Парван, Лагман, Вардак, Каписа провинцияларында эң күчтүү топторду түзүшкөн. Ошондуктан, Кабулдун айланасында абал оор болгон [4, 13-б.]. 1984-жылы 21-апрелде 7-Панжшир операциясы башталган. Бул операцияларга 11 миң советтик жана 2600 афган аскери, 200 учак жана 190 тик учак катышкан [17, 46-б.]. Афганистандагы согуш 1985-жылы кыйла күчөгөн. Оппозиция аскерлери чет өлкөлүк куралдар менен жабдылып, советтик аскерлер менен күрөшүү фанатизмдик мүнөзгө айланган. Советтик аскерлер жана афган саясий жетекчилиги да бара-бара көйгөйдү чечүүдө принципиалдуу жаңы мамилелер керек деген жыйынтыкка келишкен [4, 16-17-бб.].

1986-жылдын февралында өткөн КПССтин XXVII съездинде М.Горбачев Афганистандын аймагынан советтик аскерлери пландуу түрдө алып чыгууну сунуштаган. 1986-жылы АЭДП БКнын башкы катчылыгына Б.Кармалдын ордуна М.Наджибулла дайындалган [9]. Афганистандын өкмөттүк армиясы көз карандысыз согуш аракеттерин жүргүзүүдө жетиштүү тажрыйбага ээ болсо да 1986-жылга карай Афганистан Демократиялык Республикасынын ички саясий абалы оорлошкон. Ошондуктан 1986-жылы декабрда Афганистандын жетекчилиги улуттук жарашууга багыт алган [19, 69-б.].

СССРдин аскердик күчү 1987-жылдын башталышында мурдагы жылдарга салыштырмалуу ири масштабдагы операцияларды уюштурбай, коргонуу менен согуш жүргүзгөн [4, 22-23-бб.]. Советтик аскерлердин "Тайфун" деп аталган Афганистандагы акыркы операциясы 1989-жылдын 23-26-январында болуп өткөн. Операциянын максаты "өлкөнүн борбордук жана түндүк аймактарындагы оппозициялык күчтөргө мүмкүн болушунча көп зыян келтирүү" болгон [8]. 1988-жылдын 14-апрелинде БУУнун ортомчулугунда Швейцарияда Афганистан жана Пакистан өлкөлөрүнүн тышкы иштер министрлеринин жолугушуусу болуп өткөн. Эки өлкөнүн министрлери Женева келишимине

кол койгон, бул жолугушууга байкоочу катары СССР менен АКШ мамлекетинин өкүлдөрү катышкан. Келишимде СССРдин куралдуу күчтөрү 1988-жылдын 15-майынан тартып Афган өлкөсүнүн аймагынан өз аскерлерин 9 айдын ичинде алып чыгып кетүү, АКШ жана Пакистан мамлекеттери афган оппозициясын колдоону токтотуу тууралуу макулдашылган. 1989-жылы 4-февралда Кабулда жайгашкан СССРдин акыркы аскерлери Афганистандан чыга баштаган. Афган согушу "эки тараптын ортосундагы согуш" эле эмес, дүйнөлүк маанидеги конфликт болгон. Афган эли бул согуштан өтө чоң жоготууга учураган, СССР да 1979-1989-жылдардагы Афган согушунда көптөгөн жоготууларга дуушар болгон.

Башка советтик жоокерлердей эле, Кыргызстандан аскерге чакырылган жоокерлердин ар бири Афган согушунун бардык этаптарына катышышкан. Аскерлер согуш талаасында аскердик кызмат өтөө мөөнөтү бүткөнгө чейин, дээрлик 2 жылдай жүрүшкөн. Оозеки маалыматтарга таянсак, Афган согушуна чакырылган кыргызстандык жоокерлердин көпчүлүгү Россия, Украина, Казакстан, Түркмөнстан жана Өзбекстандын аймактарындагы шаарлар жана айылдарда жайгашкан аскердик бөлүктөрдөн атайын согушка чейинки даярдыктардан өтүшкөн. Жоокерлер мындай даярдыктар бүткөндөн кийин Афганистандын аймагына согушка жиберилген. Афган согушуна катышкан кыргызстандык жоокерлердин басымдуу бөлүгү *катардагы жоокер, ефрейтор, кенже сержант, сержант, ага сержант, прапорщик* сыяктуу аскердик кичи жана орто даражадагы чиндер менен согушса, араларында аз сандагы жогорку аскердик даражадагы *лейтенант, ага лейтенант, капитан, майор, подполковник, полковниктер* дагы болгон. Кыргызстандык жоокерлердин басымдуу көпчүлүгү согуштук техникаларды башкарып, согуштун эң кооптуу делген аймактарында куралдуу кагылыштар, аскердик операцияларга катышып, интернационалдык милдетин тайманбай аткарышкан [5].

Афганистанга согушка жөнөтүлгөнгө чейин аскердик кызмат өтөп жаткан аскердик бөлүктөрдөгү жоокерлерге Афганистандын аймагындагы согуш, Афганистандагы "Саур революциясы" тууралуу маалымат берилген [14]. Совет өкмөтү басымдуу бөлүгү Орто Азиялык жоокерлерден куралган "мусулмандар батальону" аталган аскердик топторду согуштун алгачкы этабында Афганистанга киргизген. Афган согушуна катышкан жоокерлер согуш талаасындагы жоготуулар менен бирге бир топ жеңиштерге да ээ болгон. Ардагерлердин эскерүүсүндө, алар алгач моджахеддерди көргөндө башында селде чалынган, жупуну кийинген, жыңайлак жүргөн душмандар менен салгылашарына таң калышкан [22]. Советтик согуштук чалгынчылар, аскер башчылар, командирлер айрым учурларда, жергиликтүү калктардай узун кийинип, башына селде чалып, жергиликтүү калктын кийинүү маданияты менен жүрүшкөн [3]. Ардагерлер реактивдүү снаряд менен болгон кол салуулар жоокерлер үчүн эң опурталдуу болгонун эскеришет. Ошондой эле алар жанындагы тарапташ жоокерлердин ар кыл шартта, ар кандай өлүмгө учурашы согуштун эң оор мезгилдери катары белгилешти.

Ардагерлердин маалыматы боюнча согуштук техникалардын, курал-жарактардын бардык түрү менен советтик жоокерлер камсыздалган. Согуш мезгилинде абадан жана жерден сокку уруучу техникалардын дээрлик баары колдонулган. Советтик жоокерлердин артыкчылык кылган куралы А.Калашников автоматы эле. Ушул эле автоматтын 1970-жылы жаңыланып чыккан АК-74 жаңыланган мылтыгы да Афган согушунда советтер тараптын негизги артыкчылык куралы болгон. Ал эми, моджахеддердин курал-жарак, согуштук техника жагынан өзгөчөлүгү учактарды атып түшүрүүчү америкалык стингер куралын, итальян минасын колдонушкан. Бул минанын өзгөчөлүгү мина издегич аркылуу издегенде, бул мина издегичтен көрсөтүлгөн эмес. Андан тышкары, бул мина жалаң жолдорго орнотулган. Жолдон кандайдыр бир белгилүү стандартталган өлчөмдөгү жүк өткөндө гана жарылган. Бул куралды согуштук тактикаларды жүргүзүүдө душман тарап кеңири колдонушкан [15].

Оозеки маалыматтар боюнча согуш маалында медициналык жардам эң мыкты деңгээлде көрсөтүлгөн. Ар бир жоокердин куржунунда атайын сары түстөгү медициналык кутучасы жанында болгон. Анын ичинде бинт, кебез, хлор, түрдүү дарылар, ошондой эле кокус жарадар алып калса, ооруну басуучу уколдор, ийне сайюучу каражаттар кошо жүргөн. Кокус согуштук операция учурунда жоокер жараат алып калса, эгер күчү жетсе, өзүнө-өзү медициналык биринчи жардамды көрсөткөн. Ал эми, жоокерлерге ок тийсе, алгачкы медициналык жардамды жанындагы жоокерлер көргөзүшкөн. Ошол эле учурда, ар бир ротада бирден медициналык жардам көрсөтүүчү санинспектор коштоп жүргөн. Өтө катуу жараат алып, хирургиялык операцияга муктаж болгон жоокерлер Ташкенттеги аскердик госпиталга тик учактар менен жеткирилип турган [16].

Согуш учурунда жоокерлерге тамак-аш жаатында негизинен жетишсиздик маселеси жаралган эмес. Алар аскер боткосу, перловка, гречка, күрүч, таруу жана дан азыктарынан жасалган тамак-аштарды, ал эми согуш талаасында көбүнчө консерваланган тамак-аштарды жешкен. Кээде кырдаалга жараша тамак-ашты каскага жылытып, да өзөк жалмаган учурлар кездешкен [2]. Жоокерлер майдан талаасында жүргөн кезде эс алуу мүнөттөрүн өткөрүшкөн. Көбүнчө эс алуу учурунда жоокерлер гитара чертип, ырдап чер жазышкан. Негизинен кыргызстандык жоокерлер көбүнчө туулган жер, мекенге, ата-энеге арналган

кыргыз ырларын ошол эле учурда Советтер Союзунда белгилүү мекенчилдик сезимди чагылдырган орус ырларын да ырдашкан. Атайын жоокерлер үчүн массалык маданий иш-чаралар уюштурулган. Советтер Союзунун бир катар белгилүү ырчылары, театр өнөрпоздору согуш майданына концерт коюп келип турушкан [1].

Советтик жоокерлер Афганистандагы жергиликтүү калк менен да жакшы мамиледе болушкан. Айрым жергиликтүү тургундар адарды мекенди душмандардан коргоого жардам берген жоокерлер катары кабылдашса, айрымдары чет элдик баскынчылар катары көрүп, ошого жараша мамиле кылышкан. Ошол эле мезгилде, советтик жоокерлердин арасынан мусулман динин тутунгандарына диний толлеранттуулук менен мамиле жасаган учурлар да кездешкен [10].

Жоокерлер фронттон мекенине үзгүлтүксүз кат жазып турушкан. Жоокерлердин дээрлик басымдуу бөлүгү Афганистандын аймагында согушуп жатканын үй-бүлөсүнөн, жакын адамдарынан, санаалаштарынан жашырышкан. Каттарында көбүнчө Монголияда, Германияда же Европанын бир катар өлкөлөрүндө аскердик командировкада жүргөндүктөрү тууралуу жазышкан. Анын себеби, жоокерлер жакындарынын Афганистандагы согушта экендигин билип, санааркап, тынчсыздануусун каалашкан эмес. Айрым жоокерлердин ата-энелери, туугандары, жакындары алардын согуштан мекенине кайткандан кийин гана Афган согушуна катышып келгендигин билишкен [20].

Афган согушу жоокерлерди улутуна, динине, аскердик даражасына карабай жоокерлерди бир максатка байлаган. Афганистанда кызмат өтөгөн же кайтпай калган СССРдик ар бир жоокер мекен алдында өздөрүнүн атуулдук милдетин так аткарышкан. Кыргызстандык жоокерлер Афган согушунда өмүрүн тобокелге салып, мекен алдындагы ыйык парзын татыктуу өтөп келишкен. Кыргызстандык жоокерлер Афганистандагы олуттуу согуштук операцияларга катышышкан жана катаал шарттарда душмандар менен салгылашууда теңдешсиз эрдик көрсөтүшкөн. Афган согушуна катышкан жоокерлер согуштан кайткандан кийин көз караштары өзгөрүп, мекендин ыйыктыгын жана баалуулугун, үй-бүлөнүн, жакындарынын кадыр-баркын жана жашоонун маңызын мурдагыдан кенен түшүнүшкөн. Тилекке каршы, Афганистанда атуулдук милдетин аткарышкан жүздөгөн жоокер бул согуштан кайтпай калса, ал эми мекенине аман-эсен келген айрымдары согуштун кесепетинен ар кайсы топтогу майып болуп калышкан. Араларында "Афган синдрому", контузия, согушта алган жаракаттардан улам согуштун запкысын тартып келгендер да бар.

1989-жылы 15-февралда советтик аскерлерин чектелген контингенти Афганистандан чыгарылгандан кийин Кыргыз ССРинде Афган согушунун ардагерлеринин республикалык Кеңешин түзүү боюнча иштер жүргүзүлө баштаган. СССРдин Министрлер Совети 1990-жылы 6-июнда Афганистандын ардагерлеринин союзунун ишинин кээ бир маселелерин камтыган №564 токтомун кабыл алган. Токтомдо Афган ардагерлеринин союзу СССРдин аймагында өзүнүн республикалык, аймактык, областтык, шаардык жана райондук бөлүмдөрүн түзө алат, ошондой эле өзүнүн уставында каралган милдеттерди ишке ашыруу үчүн белгиленген тартипте зарыл чарбалык эсептеги ишканаларды (бирикмелерди) жана уюмдарды түзө алат деп көрсөтүлгөн [6.ф.105,оп.д.572.л.116]. Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1990-ж. 26-сентябрындагы №283 токтомуна ылайык, Кыргыз ССРинде Афганистан ветерандар Союзунун республикалык бөлүмү түзүлгөн [6.ф.105,оп.д.572.л.92-101]. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 24-августундагы №416, 1996-жылдын 31-июлундагы №348 токтомдоруна ылайык, республикада интернационалист жоокерлердин жана алардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык жана турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча иштер жасалган [12]. 1991-жылы 31-августта Кыргызстан СССРдин курамынан чыгып, өз алдынча республика болуп түзүлгөндөн кийин, бул уюм "Афган согушунун ардагерлеринин Республикалык кеңеши" деп кайрадан түзүлгөн.

1997-жылы КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчилерден болуп Бишкектеги "Ата-Түрк" сейил багында Афганистан Демократиялык Республикасындагы согушта курман болгон кыргызстандык жоокерлерге эстелик ачылган. Ошондой эле, курман болгон афганчы жоокерлердин эстеликтери Нарын, Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата, Ош, Жалал-Абад, Өзгөн, Баткен, Талас шаарларында, Ноокат, Кара-Кулжа, Кара-Буура райондорунун борборлорунда орнотулган [7]. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин Афган согушунун ардагерлеринин Республикалык кеңеши кайрадан түптөлгөн соң, Кыргызстандын 7 облусунда облустук, райондук жана шаардык кеңештери түптөлгөн. Аймактагы ардагерлер коомдук бирикмелерге кошулган [6].

Афганистандагы согуштагы каармандыгы жана эрдиги үчүн көптөгөн ардагерлер ордендер жана медалдар менен сыйланган. Кыргыз Республикасында 4000ден ашык адам «АДРнан аскерлердин чыгарылганына 20 жыл» медалын алышкан. Афган согушунда эрдик көрсөткөн кыргызстандык 2 жоокерге "Советтер Союзунун Баатыры" наамдары ыйгарылган. Жалал-Абад облусунда туулган Юрий Исламов каза болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры наамына татыган. Чүй районунун Сокулук айылынын тургуну, Сергей Гущин Афганистанда көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамын алган [7].

Учурда Афган согушунун ардагерлеринин Республикалык кеңеши Афган согушунун ардагерлерин

ар тараптуу колдоого алып, көмөк көрсөтүп келет. Эгемендүүлүк мезгилинде Кыргызстандагы Афган ардагерлери өз тажрыйбалары менен кеңири бөлүшүп, жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоодо алгылыктуу иштерди аткарып келишет. Аны менен эле чектелип калбастан Афган ардагерлери мамлекетибизге коркунуч жаралган олуттуу кырдаалдарда өлкөбүздөгү туруктуулукту камсыздап, Ата Мекенди коргоону улантышууда. Алсак, Афган согушунун ардагерлери 1990-жылдагы Ош коогалаңы, 2010-жылдагы Июнь окуясы мезгилинде Кыргызстандагы этностор аралык кагылышуулардын алдын алууга, абалды тынчтык жолу менен чечүүгө өздөрү жеке катышып, жергиликтүү күч органдары менен бирге уюшкандык менен иш алып барышкан.

1999-2000-жж. Баткен окуясында республиканын баардык жерлеринен келишкен Афган согушунун катышуучулары өз ыктыяры менен колдоруна курал алып, Баткен жергесин баскынчылардан коргошкон. 1999-2000-жж. Баткен коогалаңында тажрыйбалуу афган ардагерлеринен куралган атайын батальон түзүлгөн, афганчылар алдыңкы бөлүктө жүрүшүп, кыргыз армиясына кырдаалды жөнгө салууга көмөктөшкөн [21, 9-б.]. Ал эми Афган согушунун ардагерлеринин Республикалык кеңеши 2022-жылдын сентябрь айында орун алган кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы куралдуу кагылышуудан жабыр тарткан жарандарыбызга ар кандай жардам көргөзүү чечимин кабыл алышкан. Бул демилгени баардык областтардан Афган согушунун ардагерлери колдоого алышып, жалпы 136 500 сом накталай акча каражатын чогултушкан.

**Адабияттар:**


1. Абдиев Шайлообек Абдиевич, Алай р., Ош обл., интервью датасы: июнь 2020.
2. Асаналиев Кубанычбек Качкынович, Ысык-Көл р., Ысык-Көл обл., интервью датасы: январь 2022.
3. Батырбеков Кемелбек Атаярович, Бакай-Ата р., Талас обл., интервью датасы: июнь 2020.
4. Бекаев М. Т., Абдиева Ж. М., Мамадиев К. А. Афган тагы. –Бишкек, “Кут-Бер”, 2013.
5. Биздин гезит - Наша газета, №1 (12) сентябрь, 2015.
6. Биздин гезит-Наша газета, №2 (02) август 2010.
7. Биздин гезит-Наша газета, №3 (03) сентябрь 2010.
8. Грашенко А. Операция «Тайфун»: каким был последний бой Советской армии в Афганистане. [Эл.ресурс], көрүү режими https://russian7.ru/post/operaciya-tayfun-kakim-byl-posledni/ (кирүү убактысы: 20.03.2022)
9. Иванов В. Афганская война. [Эл.ресурс], көрүү режими https://histrf.ru/biblioteka/b/afghanskaia-voina (кирүү убактысы: 10.02.2020)
10. Исаев Сайдилла Умралиевич, Өзгөн р., Ош обл., интервью датасы: апрель 2020.
11. КР БМА Ф.350. Оп.14. Д.7218.
12. КР Өкмөтүнүн токтому. [Эл.ресурс], көрүү режими http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/39497?cl=ru-ru (кирүү убактысы: 09.04.2022)
13. Ляховский А. А. Пламя Афгана. - Москва: Вагирус, 1999.
14. Мелников Н.А. Солдаты необъявленной войны. – Медведово, “Сельские вести”, 2012.
15. Маматов Беделбай Бургобаевич, Ош ш., Ош обл., интервью датасы: апрель 2020.
16. Мамбеталиев Токтогул Ынтымакович, Балыкчы шаары, Ысык-Көл обл., интервью датасы: январь 2022.
17. Маралбаев Таалайбек Өскөнбаевич, Кемин р., Чүй обл., интервью датасы: май 2020.
18. Мелников Н.А. Солдаты необъявленной войны. –Медведово, “Сельские вести”, 2012.
19. Окоров А. Секретные войны Советского союза. [Эл.ресурс], көрүү режими www.bookscafe.net/read/okorokov_aleksandr-sekretnye_voyny_sovetskogo_soyuza-30248.-html#p64 (кирүү убактысы: 09.02.2022)
20. Рунов В.А. Афганская война. Боевые операции. - Москва, “Эксмо”, 2014.
21. Сулайманов Тынайбек Асанбекович, Талас р., Талас обл., интервью датасы: декабрь 2021.
22. Чоргоев М. Ооган согушунун өчпөс тактары: 1979-1989. – Бишкек: “Турар”, 2013.
23. Эралиев Какан Торонович, Ош ш., Ош обл., интервью датасы: май 2020.
24. Эсенкулов Н.Ж. Афганистан - надежда, не воплощенная в жизнь. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2008. №. 7-8. С. 68-71.